КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКТЕГИ XIVСЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ОЧЕРЕДНАЯ XIV СЕССИЯ XVIII
СОЗЫВА

# ТОКТОМ

2022-жылдын 20-сентября № 27 Тамга айылы

**Тамга айылдык аймагынын жер пайдалануу картасынын № 116-контурундагы жалпы 256 гектар жер аянты жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2011-жылдын 15-июлундагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" №101-Мыйзамынын 31-беренесин 1,5-пункттарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесинин 3,4-пункттарына ылайык жана Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2001-жылдын 16-апрелиндеги Тосор айылынын четиндеги «Ак-Чий» участкасын Тамга айыл өкмөтүнүн карамагына өткөрүү жөнүндөгү № 145 токтомунун негизинде, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2001-жылдын 16-апрелиндеги Тосор айылынын четиндеги «Ак-Чий» участкасын Тамга айыл өкмөтүнүн карамагына өткөрүү жөнүндөгү № 145 токтомунун негизинде, Тамга айылдык аймагынын жер пайдалануу картасынын №116-контурундагы жалпы 256 гектар жер аянты такталып, Тамга айыл өкмөтүнүн карамагына муниципалдык менчик катары бекитилип берилсин.

2. Муниципалдык менчикке бекитилген токтомго кол коюлгандан кийин, муниципалдык менчик катары "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Жети-Өгүз райондук филиалынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин пландоо, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**